Ош Мамлекеттик Университетинин Математика жана информациялык технологиялар факультетинин алгебра жана геометрия кафедрасынын 2019-жылдын 12-сентябрь күнү өткөрүлгөн №2 чогулушунун токтомунан

К Ө Ч Ү Р М Ө

**Катышкандар:** алгебра жана геометрия кафедрасынын жана матанализ кафедрасынын мүчөлөрү

КҮН ТАРТИБИ

5. **Ар түрдүү маселелер.** а) 510100 “Математика” бакалавр багытынын негизги билим берүү программасын (НББП) түзүү жана бекитүү.

Угулду: Папиева Т.М. – кафедра башчысы, программа жетекчиси.

– 2019-2020-окуу жылына карата 510100 “Математика” бакалавр багытына биринчи жолу студенттер кабыл алынды. КР Билим берүү жана илим министрлигин №376/1 (31.03.2017) буйругуна ылайык 510100 “Математика” бакалавр багы боюнча билим берүү ишмердүүлүгүн жүргүзүү үчүн лицензия алынган. Окуу мөөнөтү 5 жыл, студенттердин контингенти 200 адамды түзгөн.

Бул программанын негизги билим берүү программасы жаңыдан түзүлдү. 2017-жылы бекитилген Кыргыз Республикасынын Билим беруу жана илим министрлигинин Кыргыз Республикасынын кесиптик жогорку билим беруунун мамлекеттик билим беруу стандартына ылайык программанын максаттары, окутуунун натыйжалары түзүлгөн. Бакалавр багытынын компетенциялар картасы, окутуунун натыйжаларынын картасы, дисциплиналардын аннотациясын толуктоого сунуштарды берсеңиздер.

Т.М. Папиеванын жогорудагы билдирүүсүнөн кийин чогулуштун мүчөлөрү өздөрү окуткан дисциплинасы боюнча аннотацияларын сунуштап, талкууга коюшту. Бул маселени талкуулап, төмөндөгүдөй чечим кабыл алышты:

а) 510100 “Математика” бакалавр багытынын негизги билим берүү программасы жактырылсын жана макулдашууга МИТ факультетинин методикалык кеңешине сунушталсын;

б) НББП МИТ факультетинин методикалык кеңеши тарабынан макулдашылган учурда бекитип берүү жагы ОшМУнун окуу иштери боюнча проректордон суралсын.

Чогулуштун төрайымы: Папиева Т.М.

Катчысы: Мустапакулова Ч.А.